ЕККУ Бишкектеги АКАДЕМИЯСЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫТАЙДЫН «ЖУМШАК КҮЧҮНҮН» КОЛДОНУЛУШУ:

## «*БАЯНДАМАЛАР*»

Нива Яу

# Кыргыз Республикасында Кытайдын «жумшак күчүнүн» колдонулушу: *Баяндамалар*

Нива Яу

© 2023 "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФ.

"Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФ тарабынан сунушталган изилдөөлөрдүн мазмуну, багыты, кандайдыр бир кетирген каталыктары же кемчиликтери жана илимий макалалардагы жана башка басылмалардагы маалыматтардын тууралыгы үчүн эч кандай юридикалык жоопкерчиликти тартпайт. Бул документтерде жана макалаларда камтылган көз караштар, пикирлер, корутундулар же сунуштар авторго (авторлорго) гана таандык жана Академиянын жана бүтүндөй ЕККУнун расмий саясатын же позициясын чагылдырбайт.

Академия жана ЕККУ илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий жыйынтыктарды жарыялоодо жана окуу процессин алып барууда окуу жайлардын жана жогорку жетекчиликтин ашыкча кийлигишүүсүн же чектөөлөрүн колдобойт жана институционалдык жөнгө салуу же коомдук же институционалдык кысымы жок академиялык эркиндик принцибин жактайт.

Автор: Нива Яу

Дизайн: Татьяна Киргизбаева, "De_tally" дизайн студиясы

**Август 2023-ж**

# МАЗМУНУ


**КЫСКАЧА МАЗМУН** 4

**КИРИШҮҮ** 6

**МЕТОДОЛОГИЯ ЖАНА ДОЛБООРДУН КӨЛӨМҮ** 7

**ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРДЫН КАТЕГОРИЯЛАРЫ** 8

*1-Баяндама: КЭРдин Кыргыз Республикасындагы кошкон экономикалык салымы* **10**

*2-Баяндама. СУАРдагы КЭРдин башкаруудагы ийгиликтери* **13**

*3-Баяндама: Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү тынчсыздануларга жооп кайтаруу* **16**

**КОРУТУНДУ** 19

# КЫСКАЧА МАЗМУН

«Батыш перифериясындагы маанайларды башкаруу: Кыргыз Республикасындагы Кытайдын маалымат операциялары» аттуу мурунку басылмада, Кытай Эл Республикасы (КЭР же Кытай) өзүнүн оң имиджин илгерилетүү үчүн Кытайда да, КРда да жайгашкан ЖМКлар аркылуу Кыргыз Республикасындагы эркин маалыматтык мейкиндикти пайдаланганы аныкталган. Бул изилдөөнүн максаты – Кытай Эл Республикасы Кытайга ылайыктуу мазмунду массалык аудиторияга жайылтылышын "жумшак күч" курал катары кандай жол аркылуу колдонуп жатканын көрсөтүп берүү.

Бул изилдөө 2022-жылдын январ менен август айлардын аралыгында жүргүзүлүп, мурунку жасалган изилдоонүн негизинде медианын төрт түрү тандалып алынды, алар: 1) Кыргыз Республикада жайгашкан жергиликтүү ЖМКлар; 2) (Кытайда жайгашкан) Кытай мамлекеттик ЖМКлар; 3) КЭРдин Кыргызстанда иш алып барган ЖМКлары, жана 4) Кытайдын социалдык тармактарындагы таасир этүүчүлөрү (инфлюенсерлери). бул изилдөөдө, мурунку изилдөөдө белгиленгендей, Кытай Эл Республикасы менен эч кандай кызматташуу жана баарлашуу формасы болбогон эки популярдуу жергиликтүү көз карандысыз малымаат каражаттары талдоого алынды. Бул изилдөөдө,Кытай менен байланышкан ЖМКлар тарабынан жарыяланган мазмундун басымдуу бөлүгүндө Кытайды оң имиджге боёп, ага байланыштуу терс жаңылыктарды азайтуу же жокко чыгаруу байкалган. .

Бул изилдөөдө ЖМКлардын бардык 4 түрүндө кездешкен Кытайга тиешелүү болгон оң баяндамалардын үч түрү белгиленди. Биринчисинде, Кытай Эл Республикасынын экономикалык таасирине байланышып, позитивдүү презентациясы көбүнчө Кытайдын Кыргызстанды камсыздап жаткан инвестициясынын санына, мамлекеттик жардамына жана КРдеги инфратүзүмгө колдоо көрсөтүүсүнө көңүл бурулган. Бирок Кытай Эл Республикасынын КРдын экономикасына кошкон салымы жөнүндө баяндоону кылдаттык менен карап чыкканда, Кытайдын салымы 2012-жылдан 2022-жылга чейин тынымсыз кыскарганы көрүнүп турат. Экинчиси, Кытайдын Шинжаң-Уйгур автономиялык районуна жүргүзгөн башкаруусу менен байланышкан. Тагыраак айтканда, Шинжаң-уйгур автоном районундагы этникалык калкка маданият, экономика жана коомдук инфратүзүмдөрдүн алкагында КЭР өкмөтү тарабынан көсөтүлгөн колдоону, аны менен бирге кытай эли менен ийгиликтүү интеграциясы боюнча аракеттерин чагылдыруу максатында Кыргызстандын аймагында атайын теле жана радио көрсөтүүлөр киргизилип, иштеп жаткандыгы тууралуу кеп болмокчу. Ал эми кытай өкмөтүнүн ошол аймактагы жасаган иш-аракеттери менен COVID-19 пандемиянын күчөп, таркап кетишинде Кытай Эл Республикасынын алган орду тууралуу терс маалыматтары "ушак" катары таанылып, четке кагылууда. Үчүнчү, каралып чыккан баяндама болсо Кытайдын Кыргызстандагы жергиликтүү көйгөйлөргө активдүү түрдө жооп кайтаруу боюнча аракеттерине байланышкан. Бул иш-аракеттер Кыргыз Республикасындагы кытай жарандары жана КЭР менен жигердүү иш жүргүзгөн кыргыз элиталардын ЖМКдагы инетрвьюлардын формасында жүргүзүлүп, интервьюнун учурунда жергиликтүү калктын пайда болуп жаткан маселелерине жооп кайтарган каршы аргументтерин беришет. Шинжаңга байланыштуу маселелерди эске албаганда, жоопту камтыган баяндамалар жергиликтүү калктын Кытай Эл Республикасына карата жана COVID-19 пандемиясы боюнча тынчсызданууларынын себеби "чет элдик таасирде", АКШ-Кытай атаандаштыгынын натыйжасында жана калыптанып калган "стереотиптерде" камтылганын түшүндүрөт.

## Автор

**Нива Яу** "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФнын долбоор илимий кызматчысы. Анын изилдөө иши Кытай жана Борбор Азия мамлекеттеринин ортосунда болгон мамилелерине, андан сырткары Кытайдын жаңы демилгелери менен чет аймакта коопсуздукту башкаруу боюнча инфратүзүмдөргө, аны менен бирге маалымат менен жүргүзгөн операцияларына багытталган.

## Цитата

Нива Яу (2023), "Кыргыз Республикасындагы Кытайдын «жумшак күч» куралынын жумшалышы: Баяндамалар", "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФ.

## Ыраазычылык

Изилдөөнү пландоодо жана оңдоп-тактоо иштеринде көрсөткөн кесипкөй жардам үчүн Матей Шималчикке, ал эми котормо жана маалыматты анализдөөдө берилген жардам үчүн Айзат Шайлообек менен Асылгүл Канатбековага автор өз ыраазычылыгын билдирип кетмекчи.

**Матей Шималчик** — Словакияда, Чехияда жана Австрияда жайгашкан, Чыгыш Азияга байланыштуу тышкы жана коопсуздук саясат маселелерин караган Борбордук Европадагы Азия изилдөөлөр институтунун аткаруучу директору. Матейдин изилдөөсү Кытайдын Борбордук Европадагы экономикалык жана саясий катышуусу жана таасири, жалган маалыматтар, элиталык мамилелер жана Кытай менен иштөөдө европалык укуктук инструменттердин ролу тууралуу. Ал укук (Масарык университети) жана эл аралык мамилелер (Гронинген университети) боюнча билимге ээ.

**Айзат Шайлообек** "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФнын мурунку долбоор улуу илимий изилдөө ассистенти. Ал Кыргызстандагы Кытай боюнча маселелерине кызыгып, Central Asian Affairs журналында жарыяланган "Кыргызстандагы синофобияны талкуулоо" аттуу макаланын автору. Айзат Кыргызстандын Эл аралык университетинде Америка таануу боюнча бакалавр, ал эми Борбордук Азиянын Америка университетинде Борбордук Азияны изилдөө боюнча магистр даражасын алган. Буга чейин ал Global Voices коомчулуктун катышуучусу болгон.

**Асылгул Канатбекова** "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФнын долбоор улуу илимий изилдөө ассистенти. Ал илимий изилдөөдөгү маалыматтарды талдоого адистешип, бул маалыматтарды Борбор Азиядагы миграция жана жакырчылык маселелери боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүндө колдонот. Асылгүл Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын «Мамлекеттик мүлктү башкаруу» адистиги боюнча бакалавр даражасын жана Орус Федерациясынын Москва шаарындагы Жогорку Экономика мектебинде «Демография жана калкты изилдөө» адистиги боюнча магистр даражасын алган . Буга чейин Миграция боюнча эл аралык уюмдун (МОМ) консультанты болуп эмгектенген.

*Бул материалда камтылган маалымат изилдөөлөр жана жеке же/жана кесиптик тажрыйбага негизделип, автор(лор) менен Өнүктүрүү жана экономикалык кызматташуу боюнча уюмдун Академиясынын, анын кызматкерлеринин жана донордук же өнөктөш тармагынын көз карашын чагылдырбайт.*
*ЕККУнун Академиясы да, анын донорлору менен өнөктөштөрү да каталар же мүчүлүштүктөр үчүн, ошондой эле маалымат тактыгы, саясий тууралыгы жана шайкештик келгени үчүн, академиялык сабаттуулук жана тиешелүү жазуу стилдерине ылайык болуусуна, бул материалда берилген ар кандай маалыматтын толуктугу же/жана пайдалуулугуна, же тартууланган материалды колдонуудан улам келип чыккан түз, кыйыр, кокустук, атайын, кесепеттүү зыянга алып келген учурларга эч кандай юридикалык жактан жоопкерчиликти албайт.*

# КИРИШҮҮ

Мурунку басылмада, «Батыш перифериясындагы маанайларды башкаруу: Кыргыз Республикасындагы Кытайдын маалымат менен жүргүзгөн операциялары» Кытай Эл Республикасы мисал катары ЖМК түзүмдөрү сыяктуу ар кандай түзүмдөрдү жайгаштыруу аркылуу, өзүнүн оң имиджин илгерилетүү үчүн Кыргыз Республикасындагы эркин маалыматтык мейкиндикти пайдаланганы аныкталган.[1]

КЭР өзүнүн "жумшак күч" куралынын потенциалын жогорулаткан контентти илгерилетүү боюнча аракеттерин жасап жатканын бул изилдөөдө аныкталып чыкты. Бул аракеттерге төмөнкүлөр кирмекчи: жергиликтүү аймакта өндүрүлгөн видеороликтерди, радиоберүүлөрдү, макалаларды жана документалдык тасмаларды каржылоо; кыргыз ЖМКлар менен кызматташтык боюнча түзүлгөн келишимдердин негизинде КЭРден келген материалдарды кайрадын басып чыгарууга өбөлгө түзүү; жергиликтүү журналисттердин КЭРге иш-сапарлары менен окутуу программаларын уюштуруп берүү; материалдардын жергиликтүү аудитория үчүн ылайыкташтырылуусун камсыздоо үчүн жергиликтүү аймакта КЭРдин ЖМКларын жайгаштыруу жана КЭРди оң түстө чагылдыруу максатында жүргүзүлгөн өз-ара аракеттенүүгө Бишкектеги Кытайдын элчилигинин жигердүү катышуусу. Бул катышуу КЭР элчилигинин тарабынан каржы жана техникалык жактан колдоону камтып, андан сырткары КЭРдин мамлекеттик жана Кыргызстандын жергиликтүү ЖМКлардын ортосундагы баарлашууга өбөлгө түзүп берүүгө тийиштиги дагы болмокчу.

Бул изилдөөнүн максаты – кандайдыр бир мамлекет тарабынан, биздин учурда КЭРдин тарабынан, "жумшак күч" курал катары баяндаманын илгерилетиши кандай колдонулаарына мисал көрсөтүп берүү болмокчу.

КЭРдин "жумшак күч" стратегияларына жарык чачаардан мурун, "жумшак күч" түшүнүктүн өзүнө аныктама берүү абдан маанилүү. 1990-жылы Джозеф С. Найдын «Жетекчиликке милдеттүү: Америка бийлигинин өзгөргөн табияты»[2] аттуу китеби эл аралык мамилелер тармагына "жумшак күч" идеясын киргизген. Бул эмгегинде Най "жумшак күч" түшүнүгүнө "каалаган нерсеге күчтү/буйруктарды колдонбостон каалаган нерсеңди тартуу аркылуу же башка бирөөнү кандайдыр бир жол менен (мисалы, акча менен камсыз кылуу аркылуу) ынандыра билүү жөндөмдүлүгү" деген аныктаманы берет. "Жумшак күч" ортодо тынчтыкты камсыздоо максатында керек экендигин Най кошумчалап кеткен[3]. Башка сөз менен айтканда, "жумшак күч" идеясы белгилүү бир сырткы саясий максатка жетүү үчүн башка мамлекеттерди тартуу максатында өлкөнүн оң имиджин экспортоонун бир жолу десек дагы болот.[4] Найдын көз карашына таянсак, "жумшак күчтүн" потенциалынын маңызы өзүнүн саясаты, саясий идеалдары жана маданияты аркылуу өзүнө элдерди тарта билүү жөндөмүндө камтылаары аныкталган. Буга байланыштуу өлкөнүн "жумшак күч" потенциалы кабыл алуучу өлкөнүн коомчулугунун кеңири катмарынын көз карашында же өсөт же тескерисинче төмөндөмөкчү. Бүгүнкү күндө, "жумшак күч" ар кандай жол аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн - билим берүүдөн баштап туризм, гастрономия жана музыка тармактарына чейин болушу мүмкүн. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык тармактар дагы эл аралык системада "жумшак күч" колдонуу үчүн натыйжалуу инструмент болуп саналат.

Ошентип, бул изилдөө КЭРдин "жумшак күч" куралын Кыргыз Республикасындагы негизги маалымдоо каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу кандай колдонуп жатканын, аны менен кошо Кытайды оң түстөн көрсөтүүгө багытталган баяндамаларын кантип колдонуп жатканын аныктоого арналган. Коомдук дипломатиянын алкагында КЭРдин ЖМКлар менен өз-ара аракеттенүүсүнүн ийгилигин жана таасирин изилдөө үчүн өлкөлөрдүн дэңгээлинде кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү өзгөчө мааниге ээ.[5] Бирок мындай анализ башка изилдөөнүн маселеси болмокчу.

[1] Нива Яу, «Батыш перифериясындагы маанайларды башкаруу: Кыргыз Республикасындагы Кытайдын маалымат операциялары» [Managing Sentiments in the Western Periphery: Chinese Information Operations in the Kyrgyz Republic], "Бишкектеги ЕККУ Академиясы" КФ, Август 2022, https://osce-academy.net/upload/file/ChinaAffairsENG.pdf

[2] Джозеф Най (1990), «Жетекчиликке милдеттүү: Америка бийлигинин өзгөргөн табияты» [Bound To Lead: The Changing Nature of American Power] Нью Йорк: биринчи китептер.

[3] Джозеф Най (1990)

[4] Ерман Акили. (2016), «Түркиядагы мамлекеттик идеңттүүлүк жана тышкы саясат» 2чи басылма. Анкара:Нобель басылмалары [Türkiye'de Devlet Kimliği ve Dış Politika]. 2чи басылма. Анкара.

[5] Хьюго Джонс, "Кытайдын окуясын жакшы айтып берүү же ал тилде сүйлөй билүү. Кытайдын коомдук дипломатиясындагы баяндоочу коммуникациясынын көйгөйлөрү" [Telling China's Story Well or Speaking in Tongues? Narrative Communication Challenges in China's Public Diplomacy], LSE, Январ 2022, https://blogs.lse.ac.uk/cff/2022/01/12/telling-chinas-story-well-or-speaking-in-tongues-narrative-communication-challenges-in-chinas-public-diplomacy/

# МЕТОДОЛОГИЯ ЖАНА ДОЛБООРДУН КӨЛӨМҮ

2022-жылдын январ-август айларынын аралыгында жүргүзүлгөн изилдөө Кытайдын “жумшак күч” куралын колдонуунун бир бөлүгү катары Кыргыз Республикасында Кытай Эл Республикасынын үгүттөгөн баяндамаларын карап чыкты.

Изилдөөнүн анализи үчүн ЖМКлардын төрт түрү тандап алынды, алар1) Кыргыз Республикада жайгашкан жергиликтүү ЖМКлар; 2) (Кытайда жайгашкан) Кытай мамлекеттик ЖМКлар; 3) КЭРдин Кыргызстанда жайгашып, иштеген ЖМКлар, жана 4) Кытайдын социалдык медиада таасир этүүчүлөрү (инфлюенсерлери). Изилдөө тобунун санына жана изилдөөгө бөлүнгөн убакыттын чектелгенинен улам бул отчет жогоруда аталган төрт түрдөгү ЖМКлардын бардык мазмунун изилдеп чыгууга мүмкүнчүлүк болбоду. Анын ордуна, отчеттогу иш стратегиялык тандалманын негизинде жүргүзүлдү. Биринчиден, акырыкы он жылдын ичинде кеңири жайылтылган баяндамалардын ичинен мазмунун туура чагылдырган тобун аныктоо максатында 2012-жылдын январынан 2022-жылдын январына чейинки аралыкта жарыяланган баяндамалар гана талдоого алынды. Экинчиден, бул изилдөөнүн алкагында ЖМКнын түрүн жеткиликтүү түрдө чагылдырат деп эсептелген бир нече ЖМК тандап алынып, ал ЖМклардын жеткиликтүүлүгүнө жараша андан ары кийинки анализ үчүн бул ЖМКлардын контенттери бөлүнүп алынды.

Жогорудагы критерийлердин негизинде макалалар, стенограммалар жана социалдык тармактагы посттор түрүндөгү жалпысынан 19726 контент бирдиктери анализдин биринчи баскычында изилдөөгө алынды. Алар өз ара төмөнкүдөй критерийлер боюнча дагы бөлүштүрүлдү: маалымат сакталган түрү боюнча (интернеттеги макала, журналдагы макала, телеберүү, радиоберүү, социалдык тармактагы текст, социалдык тармакта алдында жазуусу менен жайгаштырылган сүрөт, социалдык тармактагы селфи-видеосу, социалдык тармактагы документалдык видео, социалдык тармактардагы жаңылык видеороллиги, социалдык тармактардагы жазуусу бар селфи-сүрөт, сүрөт), жайгаштырылган посттун убагы боюнча (күн/ай/жыл), автор, цитата шилтемеси берилген авторлор, тон (оң, нейтралдуу, терс), субъекттин жайгашкан жери (Кытай, эки тараптуу (Кытай-Кыргызстан), аймактык, эл-аралык, Шинжаң), негизги тема (экономика, саясат, билим берүү, маданият жана тиричилик, кытай медицинасы, кытай тамак-аштары, Кытайдагы туризм менен виза маселелери, COVID-19 пандемиясы ж.б.у.с.).

Изилдөөнү жүргүзгөнгө чектелген убакыт коюлганынан улам, баяндамалрадын мазмунун окуп, изилдеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү максатында бул изилдөө өз ичине баяндамалардын мазмунун талдоосун дагы камтыган. Ар бир баяндаманы өз алдынча талдоого алуу үчүн колдо болгон маалыматтын көлөмү абдан чоң болгондуктан, берилген изилдөөдө Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы эки тараптуу мамилерин сөз кылган баяндамаларынын мазмуну талдоого алынды. Бул баяндамалар Кыргызстандын аймагында жайгашып, иштеп жаткан КЭРдин ЖМКлардын тобуна кирген эки ЖМКга тиешелүү болуп, экөө биригип 18 000 ашуун материалды камтыган. Мындай көрүнүш Кыргызстанда иштеп жаткан КЭРдин мамлекттик ЖМКлары Кытайдын “жумшак күч” куралынын макстаттарын алдыга илгерилетүү үчүн гана иштеп жатышат деген болжолго негиз берүүдө. Ошондой эле, изилденип жаткан мөөнөттүн ичинде Кытайга байланыштуу материал көп жарыяланбаган башка түрдөгү ЖМКлардан өзгөчөлөнүп, бул түрдөгү баяндамалар Кытайга тиешелүү болгон атайын материалдарга көңүлдү бурдуруп турат.

Изилдөөгө материалды тандап алуунун кийинки баскычынан улам, түрү боюнча бөлүштүрүлгөн медиадагы жалпы жонунан 4109 фрагменттерине тон жана баяндоо боюнча анализи жүргүзүлдү. Баяндаманын мазмунун жана тонун талдоо процессинини алкагында, бул изилдөөдө Ивана Караскова, Алисия Бачулска, Тамаш Матура, Ричард К. Турчаньи жана Матей Шимальчик тарабынан жаратылган аныктмалары жана жетекчилик көрсөтмөлөр (инструкциялар) колдонулду. Алар жогоруда белгиленген авторлор тарабынан MapInfluenceCE аттуу доолбордун алкагында *“Сатык үчүн Борбордук Европа: Кытайдын таасиринин саясаты”, “Этияттык сакталганбы же жокпу?”* жана “Борбордук Европадагы Кытай инвестициялары менен 5G технологияларын талкулоо” аттуу жарыяланган отчеттору

үчүн иштелип чыккан[6]. Ар бир макаланын кылдат талданышынан жана ар түрдүү теле/радиоберүүлөрдү көрүп чыккандан кийин, мазмунунда Кыргыз Республикасында КЭРга карата оң мамилени жана оптимизмди үгүттөгөн темалар менен баамдоолор болгон болсо, анда мазмундун тону оң катары эсептелмекчи. Эгерде мазмунда эч кандай баамдоо же сын болбогон болсо, ал учурда мазмунга “нетйралдуу” деген баа берилген. Эгерде материалдарда Кытай тууралуу жагымсыз пикир болсо же аудиторияда Кытайга карата терс сезимдерди туудурса анда бул материалдарга “пессимисттик” деген баа берилген. Бул иште, баяндамаларга чыныгы көрүнүштү эске албастан жасалган ачык тыянактар жана кандайдыр бир нерсеге артыкчылык берүү деген аныктама берилген. Изилдөө ишин баштардан мурда изилдөө тобунун мүчөлөрү тренингдерди өткөрүп, MapInfluenceCE долбооруна таандык болгон отчеттордун бирисинин автору, Матей Шималчиктин жетекчилигинин алдында пилоттук изилдөө долбоорун ишке ашырышкан.

## Жалпыга маалымдоо каражаттардын категориялары

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү ЖМКлары, б.а. ЖМКлардын биринчи категориясы үчүн биз төмөнкүдөй ЖМКларды карап чыктык: “Слово Кыргызстана”, “Вечерний Бишкек” , “Азаттык” жана “Клооп”. Төртөө тең көбүнчө текст түрүндө иш алып барган ЖМКларга кирип, ичинде издөө системалары орнотулган жана учурда иштеп жаткан сайттарга ээ. Бул аспекттер изилдөө үчүн контентти чыгарып алуу ишин бир кыйлага жеңилдетти. Бул издөө системалардын жардамы менен, 2012-жылдын январ айынан баштап 2022-жылдын август айына чейинки аралыкта жарыяланган макалалардын арасынан 1) аталышында “Кытай” деген сөздү камтыган жана 2) мазмунунда Кытай негизги темасы болгон макалалар тандалып алынды. Бул критерийлердин негизинде баяндамаларды изилдөөгө баыгтталган ишибизге “Слово Кыргызстана” менен “Вечерний Бишкек” гезиттеринен 1116 макала жана “Азаттык” менен “Клооп” ЖМКларынан 922 макала тандалып алынды.

Экинчи түрдөгү ЖМКларга КЭРдин имиджин чет өлкөлөрдө илгерилеткен 2 программа кирди, алар: “:Жунгого сапар” менен “Кытай терезеси” аттуу рабиоберүүсү болду. Мурунку изилдөөдө белгиленип кеткендей, бул каналдар Шинжаңда Кытай тууралуу оң идеяларын илгерилетүүгө багытталган мамлекеттик маалыматтык канал катары таанылган Шинжаң телевидениесинин кыргыз командасы тарабынан иш алып барышат.[7] Бул эки программа Кыргызстандын ар түрдүү мамлекеттик телеканалдарында жана радиостанцияларында 2000-жылдарынан тарта чыгып, күнүгө Шинжаңда болуп жаткан социалдык жана экономикалык окуялары тууралуу кабарлап турушат. Булар Кытайдын аймактагы “жумшак күч” куралынын активдүү бөлүгү болуп саналат. Бул долбоордун алкагында, изилдөөчүлөр 2022-жылдын апрел айында жаратылган контентти угуп, көрүп чыгышып, ар бир сөзүнө чейин иликтеп-жиликтеп жазып чыгышты. Жалпы жонунан бул контенттин көлөмү 30 саатка тете болду. Ошондой эле, изилдөөчүлөр визуалдык эффектерди, музыканы жана кептин интонациясына чейин талдап чыгышты. Жалпысынан, бул изилдөө үчүн “Жунгого сапар” жана “Кытай терезеси” аттуу программаларынын 50 транскрипти дайындалып чыкты. “Жунгого сапар” программасынын дем-алыш күндөрүндө чыккан программаларын көңүлүбүзгө албадык себеби ал күндөрү кытайлык көңүл ачуучу сериалдары көрсөтүлүп, изилдөөнүн аналитикалык маселелеринин алкагына кирген эмес.

ЖМКлардын үчүнчү түрүнүн алкагында, ишин жергиликтүү аймакта жүргүзүп жаткан КЭРдин 2 медиауюму изилденди, алар: *Silk Road Observer* менен *Land Bridge*. *Silk Road Observer* (Борбордук Азия чөлкөмүндөгү Жибек-Жолундагы өнүгүү) – бул China News Service кытай жаңылык агенттигинин Шинжаңдагы кеңсеси тарабынан башкарылып, 2015-жылдан бери Бишкекте орношуп, иш жүргүзүп келген гезит.[8] Бул гезит Кыргызстандын Тышкы иштер министрлиги тарабынан аккредиттелген чет элдик

---

6 Караскова И., Бачулска А., Матура Т., & Шималчик М., “Careful or careless? Debating Chinese investment and 5G technology in Central Europe” [“Этияттык сакталганбы же жокпу?” жана “Борбордук Европадагы Кытай инвестициялары менен 5G технологияларын талкулоо], May 2021, https://mapinfluence.eu/wp-content/uploads/2021/06/Mapinfluence_policy-paper_careful-or-careless_A4_web_09-1.pdf

Тускани, Р., Караскова, И., Матура, Т., & Щимальчик, М., «Жолдоочуларбы, атаандаштарбы же байкоочуларбы? Борбордук Европанын маалымат каражаттары Кытай менен мамилелердин активдешине жооп кайтарууда» [Followers, challengers, or by-standers? Central European media responses to intensification of relations with China] Intersections. East European Journal of Society and Politics, 5(3).

https://www.amo.cz/wp-content/uploads/2018/04/AMO_central-europe-for-sale-the-politics-of-chinese-influence.pdf

7 Нива Яу: 2022

8 Job.kg, https://www.job.kg/vacancy/company/59620

(КЭРдин) маалымат каражаттары катары катталган.[9] Гезит эки веб-сайтты иштетет, бири 2016-жылдан 2020-жылга чейин иштесе, экинчиси 2020-жылдан азыркыга чейин иштейт.[10] Бул изилдөөнүн алкагында, контентти классификациялоо максатында *Silk Road Observer* гезитинен жана анын эки веб-сайтынан жалпысынан 14 626 макала алынып чыкты. Макалалардын көлөмү өтө чоң болуп, аны менен бирге изилдөө тобунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендиктен, “субъекттин жайгашкан жери” критерийи боюнча (Методогияга кайрыл.) болгону 1606 макала “эки тараптуу” деген түргө киргизилген. *Land Bridge* (Контимост/大陆桥) деген бул ай сайын Урумчиде, Шинжаң шаарында басылып чыккан, 60-беттик журнал. Бул журнал Кытай элдик коомчулугунун чет өлкөлөр менен достук боюнча Шинжаң бөлүмү, Шинжаң экономика газетасы жана Бишкек Гуманитардык университети менен биргеликте басылып чыгарылат. Бул отчет үчүн, журналдын 2012-2022-жылдардын аралыгында жарыкка чыккан 110 номери физикалык түрдө чогултулуп, ичиндеги мазмунун (контентин) түрлөр боюнча ажыратуу максатында 2811 макала тандап алынып, кайта эле чоң көлөм менен басылмадагы узун тексттердин айынан 153 макала гана “субъекттин жайгашкан жери” критерийи боюнча “эки тараптуу” деген түргө киргизилди. “Эки тараптуу” деген түргө киргизилген макалалардын мазмунун изилдөө максаты болуп Кытай тарабынан “жумшак күч” куралынын жумшалышы Кыргызстанга тиешеси бар болгондугун көрсөткөн баяндамаларын аныктоо саналмакчы.

Талдоого алынган ЖМКлардын төртүнчү тобуна Facebook соцтармакта өздөрүнүн постторун жайгаштырган үч кытайлык колдонуучусу кирди. Алардын атттары - Намила, Вера жана Цитун болуп, аккаунтары 2020-жылдын биринин аркасынан бири август-сентябр айларында ачылган. Алар Кытайдын орус тилдүү жарандары болуп табылып, ири сандагы катталуучуларга (300 миңден 500 миңге чейин) ээ болушкан. Соцтармактардагы башка Кытайды үгүттөгөн аккаунтарга караганда бул үч колдонуучу эң эле жигердүү иш алып барганына байланыштуу бул изилдөө үчүн үчөөнүн Facebook аккаунту тандап алынды. [11] 2020-жылдын август айынан баштап 2022-жылдын июнуна чейин Намиланын (540), Веранын (320) жана Цитундун (257) Фейсбуктан баракчаларынан жалпы 1117 пост алынып, жети түрдүн ар бирине (социалдык тармактагы текст, алдында жазуусу менен жайгаштырылган сүрөт, селфи-видеосу, документалдык видео, жаңылык видеоролики, жазуусу бар селфи-сүрөт) жана “субъекттин жайгашкан жери” менен темасы (жогоруда айтылгандай) ылайык келүүсү боюнча бөлүштүрүлгөн.

Бул изилдөө долбоору бир нече чектөөлөргө ээ. Бардык каралып чыккан жазма түрүндөгү материал орус тилинде жайгаштырылганы анык болду. Тандалган ЖМК менен белгиленген мөөнөттө тандалып алынган материалдардын өтө аз бир бөлүгү гана кыргыз тилинде жайгаштырылганы чыгарып алынып жаткан кезде билинди. Бул изилдөөнүн максаты баяндамалардын кандайча сунушталганын аныктоо болгондуктан, керектөөчү тараптын натыйжалуулугу эске алынбастан, иште орус тилдүү контентке көңүл бурулган. Кыргыз тилинде КЭРди алдыга илгерилетип жаткан 2 программаны аныктадык, жана бул программалардын эффективдүүлүгү биздин кийинки отчетубуздун темасы болмокчу. Мындандан сырткары, бул иштин максаты 2012 менен 2022-жылдырдын аралыгында жарыяланган бардык материалдарды изилдеп чыгуу болсо дагы, *Silk Road Observer* 2016-жылдан гана ишин алып баштагандыктан, анын ишин баштган күнүнөн тартып 2022-жылга чейинки жарыяланган материалдарын карап чыктык. Эми болсо калган материалдардын басымдуу бөлүгү интернетте жарыяланган болуп, бир гана *Land Bridge* аттуу басма болуп чыгарган журналы контенттин түрү боюнча өзгөчөлөндү. Буга байланыштуу изилдөөнүн жыйынтыктары онлайн ЖМКлардагы баяндамалардын чагылдырышы менен гана чектелип калган. Жогоруда айтылып кеткен изилдөөнүн методологиясы менен көлөмүнө таяна турган болсок, төмөндөгү негизги үч баяндамалардын талкулануусу сунушталмакчы.

---

9 Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, «Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинде аккредиттелген чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларынын тизмеси» [СПИСОК корреспондентов иностранных СМИ, аккредитованых при министрстве иностранных дел Кыргызской Республики ], 2020, https://mfa.gov.kg/uploads/content/248/0374670c-f28d-352c-beb9-57ea7c9717eb.pdf

10 Silk Road New Observer гезитинин веб-сайттары, http://ru.siluxgc.com
https://www.silunews.kg

11 Намиланын фейсбук баракчасы, https://www.facebook.com/namila0910
Веранын Фейсбук баракчасы, https://www.facebook.com/veryuneveryu2020
Цитундун фейсбук баракчасы, https://www.facebook.com/qitongchannel

# 1-Баяндама: КЭРдин Кыргыз Республикасындагы кошкон экономикалык салымы

Бул изилдөөнүн алкагында талдоого алынган дээрдик бардык ЖМКларда Кытай менен байланышкан материалдарда Кытай өлкөсү жалпысынан оң түстө сүрөттөлүп берилген. Жергиликтүү ЖМКлардын категориясында материалдардын жалпы санынан 82,3%түзүп, Кытай тууралуу жагымдуу баяндоону сунуштаган эң жогорку көрсөткүчкө '"Слово Кыргызстана" гезити ээ болду. Ал эми жеке менчикте болгон "Вечерний Бишкек" гезити тууралуу сөз кылсак, анын материалынын 65,5% Кытай тууралуу оң кабарларды түзгөн. Экинчи жактан изилденген контенттен "Азаттык" менен "Клооп" ЖМКларына тиешелүү болгон материалдарынын ичинен болгону 26,5% Кытайга карата жагымдуу болгондугу аныкталды. Шинжаң телевидиниеси тарабынан чыгарылган "Жунгого сапар" жана"Кытай терезеси" аттуу программаларынынан алынып, изилдөөгө алынган убакыттын аралыгында талданган мазмуну толугу менен Кытайга карата оң багыттагы маалыматтар деп бааланды. Ал эми КЭРдин Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан ЖМКлардын категориясында болсо талданган материалдын 93,1% оң түстөгү маалымат деп табылып жана кытайлык соцтармактардагы изилденген контенттин 98,2% тон боюнча жагымдуу деп аныкталган.

Жылдар боюнча жасалган талдоого көңүл бурсак, Кытай боюнча оң деп табылган макалалардын саны орчундуу өзгөргөнүн байкасак болот. Кээ бир жергиликтүү ЖМКлары үчүн мындай өзгөрүүлөрдүн туу чокусу 2012, 2013 жана 2016 жылдарына туура келип, аларга жараша 117, 111 жана 114 макала оң деп табылган. Ошондой эле, жогоруда белгиленген убакыттын аралыгында башка жергиликтүү ЖМКлар Кытайды жагымдуу жактан сүрөттөгөн макалаларды бир кыйла эле азыраак жарыялаганы байкалды. КЭР тууралуу жагымдуу макалаларды эң аз камтыган жергиликтүү ЖМКларды кепке салганда, алардын Кытай тууралуу жагымдуу материалдары эң көп жарыяланган туу чокусу 2017-жылга туура келип, 58 макалага барабар болгон. Бирок, бул изилдөөнүн алкагында 2018-жылдын ичинде КЭРге карата терс маанайда болгон материалдардын саны олуттуу түрдө өскөнү байкалды. Балким, Шинжаң аймагында жасалган терс аракеттерге тиешеси бар болгондугу тууралуу болжолдорду да эске алуу менен КЭР аралашкан талаш-тартышты туудурган учурлардын саны көбөйгөндүгүнүн бир кесепетине айланып калгындыгына байланыштуудур.

КЭР жөнүндө болгон жагымдуу баяндамалар тууралуу кеп кылсак, Кыргызстанда иштеген, жергиликтүү кыргыз жана кытайлык ЖМКлардын материалдарын изилдегенде, ар кайсы дэңгээлде окшоштугу бар 6 чакты баяндамалар аныкталып, табылды. Кытай өзүнүн экономикалык салымын жана жетишкендиктерин баса белгилөө максатында өлкөнүн ичинен дагы сыртынан дагы чоң далалат жасап жаткандыгы билинди. Өз мамлекетинде КЭРдин жетишкендиктери ийгиликтүү башкармалыктын үзүрү катары көрсөтүлүп, коомчулуктун кеңири катмары тарабынан Кытай Коммунисттик партиясынын бир партиялык башкаруусун мыйзамдаштыруу фактору катары кабылданып жатат.[12] Чет жакта Кытайдын экономикалык багытында кийлигишүүсү жана мамлекеттердин жергиликтүү экономикасына кошкон салымы көп учурларда эки тараптуу меймандос мамилелердин жыйынтыгы катары сунушталмакчы.[13] Бул изилдөө көрсөткөндөй, Кыргызстандагы Кытайдын "жумшак күч" куралын күчөлүшүнө өбөлгө түзүп берип жаткан ЖМКлардагы Кытай тууралуу оң түстө тартуулаган материалдарында Кытайдын экономикалык салымына маани берген баяндамаларга өзгөчө көңүл бурулган. Экономикалык салымына төмөнкүлөр кирмекчи: Кытайдын экономика жаатындагы ийгиликтери жана анын үлгү берүүчү мисал болгондугу; Кытайдын Кыргыз Республикага жана жалпы дүйнөгө кошкон экономикалык салымы; эки тараптуу мамилелер жана кызматташтыкты бекемдөө; Кытай жакшы жана ишенимдүү

---

12 Ючао Джу, «Аткаруунун мыйзамдуулугу жана Кытайдын саясий адаптация стратегиясы» [Performance Legitimacy" and China's Political Adaptation Strategy], Июн 2011,

https://www.researchgate.net/profile/Yuchao-Zhu/publication/227208021_Performance_Legitimacy_and_China's_Political_Adaptation_Strategy/links/579a0ef208ae2e0b31b14468/Performance-Legitimacy-and-Chinas-Political-Adaptation-Strategy.pdf?_sg%5B0%5D=started_experiment_milestone&origin=journalDetail

Джинган Дженг, «Кытайдагы режимдин мыйзамдуулугу боюнча талаш-тартыш: Батыш жана Кытай илиминин ортосундагы чоң ажырымды жокко чыгаруу» [The Debate on Regime Legitimacy in China: bridging the wide gulf between Western and Chinese scholarship], 2014, https://www.tandfonline.com/doi/pdf/10.1080/10670564.2013.861141

13 «Кытайлык өзгөчлүктөрүн эске алуу менен социализмдин жолунда өзүнө ишенимдин негизи» [中国特色社会主义道路自信的根基]."CCP Theory [理论网], 18 Aug. 2017, http://theory.people.com.cn/n1/2017/0818/c83859-29478726.html

кошуна, дос жана өнөктөш катары болуусу; кытай тилинин жана билиминин артыкчылыктары; кытай маданиятынын байлыгы; Кытай менен болгон мамилелердин эки тарапка тең пайдалуу мүнөзү менен жалпы маданияты жана тарыхы.

ЖМКларда КЭРдин жагымдуу жактан көрсөтүлүшү көп учурларда аны экономикалык жактан күчтүү бир мамлекет катары тааныткан баяндамалар менен байланыштуу болсо, соцтармактардагы кытайлык таасир этүүчүлөрү (инфлюэнсерлер) башкача бир кырдаалды түзүштү. Алар көбүнчө Кытай маданиятын, жашоо тарзи менен тамак-аштарын уникалдуу жана кызыктуу объекттер катары чагылдырууга басым жасашкан. Изилдөөгө алынган ЖМКлардын башка үч түрү (жергиликтүү кыргыз ЖМКлары, Кытайдын мамлекеттик ЖМКлары жана Кыргызстандын аймагында жайгашып, иштеп жаткан Кытай ЖМКлары – жалпысынан 3 миңден ашуун материал) талкууларына алган темалары айырмаланса да, үч түрү тең Кытайдын экономикалык таасирин аныктаган баяндамаларды көбүрөөк колдогондору ачыкка чыкты. Кыргызстандагы жергиликтүү ЖМКлар менен Кыргызстандын аймагында жайгашып, ишин алып бара жаткан кытайлык ЖМКлардын категоряларынан алынган материалдарында Кытайдын Кыргызстан менен жалпы дүйнөгө кошкон экономикалык салымы тууралуу маалыматтар жогоруда белгиленген эки түргө жараша 26,5% жана 27,1% түздү. Мисалы, “Слово Кыргызстана” гезитинин макалаларынын биринде КЭРдин Кыргыз Республикасына тийгизген таасири боюнча Кытай элчиси Ду Дэвэйдин төмөнкүдөй ою келтирилген: “Кыргыз Республикасына чет өлкөлөрдөн түшкөн инвестициялардын жалпы көлөмүнөн 43% Кытайдын КРдын экономикасына кошкон түздөн түз инвестициялары түзөт. Бул долбоорлор кыргызстандыктардын жашоо деңгээлин көтөрүүгө оң таасирин тийгизет.”[14] Кээ бир учурларда, экономикалык салым тууралуу кептер Борбодук Азиядагы башка өлкөлөргө жана бүткүл дүйнөгө дагы сөз тийгизип кетет.

Бул изилдөөнүн талдоосуна алынган эки жергиликтүү ЖМКлардын Кытай Эл Республикасына ылайыктуу баяндалган материалдарында кытайлык экономикалык салымынын чоо-жайын кылдаттык менен карап чыкканда, КЭРдин Кыргыз Республикасына кошкон экономикалык салымы жөнүндө баяндоодо кытайлык инвестициялырдан санына(181 жолу) жана мамлекеттик жардам менен инфратүзүмдөрдү колдоонун көлөмүнө (98 жолу) чоң басым жасаган далилдер колдонулган (1-Сүрөткө кайрыл). Кошумчалай кетсек, экономикалык салымынын сүрөттөлүшүндө кыргыз студенттери үчүн бөлүнгөн грант жана стипендиялар (45 жолу) менен бирдей иш орундарын түзүп, кыргыз элинин социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө колдоо көрсөткөн кытайлык компанияларга дагы (44 жолу) басым жасалмакчы.

[14] Дмитрий Ашеулов, «Кыргызстан-Кытай: Жетүү үчүн максаттар бар» [КЫРГЫЗСТАН — КИТАЙ: ЕСТЬ К ЧЕМУ СТРЕМИТЬСЯ], Слово Кыргызстана, Май 2019, https://archive.slovo.kg/?p=106248

## 1-Сүрөт. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү ЖМКлардын арасында “КЭРдин Кыргыз Республикасындагы Экономикалык Салымы” Баяндамасынын тематикалык анализи

| Өзгөчө тема | Канча жолу кезикти |
|---|---|
| Кытай Эл Республикасы Кыргыз Республикасына олуттуу инвестиция салууда/инвестициялоого ниеттенүүдө | 181 |
| Кытай Эл Республикасы Кыргыз Республикасына орчундуу жардам берип жатат | 98 |
| Кытайлык долбоорлор Кыргыз Республикасынын инфратүзүмдөрүн жакшыртууга жардам берет | 83 |
| КЭР кыргызстандык студенттерге Кытайда окууга/ стажировкага өтүү үчүн көптөгөн гранттарды бөлүп берүүдө | 45 |
| Кытай Эл Республикасынын долбоорлору жумуш орундарын түзүп/жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөктөшөт | 44 |
| Эки тараптуу ишкер кызматташтыктын кең келечеги | 37 |
| Кытай Эл Республикасы Кыргыз Республикасын таажы вирусуна каршы вакциналарды/медициналык каражаттары менен бекер камсыздоодо | 34 |
| Кытай долбоорлору Кыргыз Республикасынын энергетикалык инфратүзүмдөрүн жакшыртууга жардам берет | 33 |
| КЭР Кыргыз Республикасынын инфратүзүмдөрүн жакшыртуу үчүн шартсыз насыяларды берет | 33 |
| КЭР Кыргыз Республикасынын транзиттик потенциалын түзүүгө жардам берет | 31 |
| Кытай менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы соода бири-бирин толуктап турган мүнөзгө ээ | 27 |
| Кытай Эл Республикасынын инвестициялары Кыргыз Республикасында фабрикаларды түзүп/өндүрүштү жүргүзүүгө түрткү берет | 23 |
| Кытай рыногу Кыргызстандын экспорту үчүн жеткиликтүү | 17 |
| Кытай эң ири соода өнөктөшү | 16 |
| Кытай жумушчулары кыргыздарга караганда ишти арзанныраак жасашат (жол куруучулук менен завод/фабрикаларда) | 4 |
| КЭР инвестициялары Кыргыз Республикасына жогорку технологияларды алып келет | 3 |
| Кытайлык туристтерден түшкөн киреше Кыргызстандын экономикасына пайда алып келет | 3 |
| КЭР менен Кыргыз Республикасы экономикалык кылмыштарга каршы бирге күрөшөт | 2 |
| КЭР инвестициялары Кыргыз Республикасына жаңы эффективдүү бизнес-идеяларды тартып келет | 2 |

*Булак: Методология жана Долбоордун көлөмү бөлүмүндө деталдуу түрдө түшүндүрүлүп, бул таблица автор тарабынан жалпыга жеткиликтүү маалыматтын үстүндө жүргүзүлгөн мазмун талдоонун негизинде түзүлгөн.*

# 2-Баяндама. СУАРдагы КЭРдин башкаруудагы ийгиликтери

2000-жылдардын башынан бери КЭР тараптан көрсөтүлүп жаткан «Жунгого Сапар» телекөрсөтүүсү жана «Кытай Терезеси» радиосундагы программалары Кытай Эл Республикасынын СУАРды башкаруудагы ийгиликтери жөнүндө эң эле туруктуу калыпта баяндаган программасы болуп саналат.

Бул изилдөөдө ЖМКда 2012-2020 жылдардын аралыгында изилденген эки жергиликтүү СУАР менен байланышкан 11 макала жарыкка чыккан. Ал макалалар төмөндөгүдөй аталыштарага ээ болду:

- Кытай лагерлерин дүйнөгө көрсөтөт
- Сүйкүмдүү батыш жерлери
- Шинжаң – Экинчи дүйнөлүк экономиканын порталы
- Шинжаңдагы ислам – Партияга ыраазычылк
- Шинжаң борборлорундагы чындык – Этникалык кыргыздар табылган жок
- Кытай Улуу Британияга каршы жооп санкцияларын киргизет
- Чыныгы Шинжаң тууралуу француз жазуучусу
- Кытайдын ТИМи: Помпеонун Шинжаң боюнча билдирүүсү - куру сөз
- Шинжаң өз көзү менен – тастыкталбаган ырайымсыздыктын учурлары[15]

Ошондой эле, КЭРге тиешелүү болуп, Бишкек шаарында жайгашкан *Silk Road Observer* гезити жалпысынан Шинжаң тууралуу басылмаларды кеңири жайылтуудан баш тартууда. 2016-2022 жылдырдын аралыгында *Silk Road Observer* гезити жарыялаган макалаларынын жалпы көлөмүнөн болгону 4,7 % Шинжаң баш сабында кезиккен. Бул макалалардын ичинде дагы көбүнчөсү Кытай өкмөтүнүн улуттук азчылыктардын маданиятына көрсөткөн колдоосу сымал оң аракеттери гана чагылдырылган. Ал эми социалдык тармактардагы кытайлык таасир этүүчүлөр, Намила, Вера жана Цитун тарабынан жасалган тандалма видеороликтерден сырткары Шинжаң тууралуу постторун сейрек чыгарганы аныкталды.

Шинжаңдын күнүмдүк турмуш-тиричилигин көрсөтүүгө арналган “Жунгого сапар” жана “Кытай терезеси” аттуу теле/радиоберүүлөр Кытайдын Кыргызстандагы “жумшак күч” куралынын башка бир бөлүгү болууда. Кытайдын түндүк тарабына таандык болгон кытай тилинин кээ бир сөздөрүн аралаштырып, кыргыз тилинин диалектинде сүйлөгөн Шинжаңдагы этникалык кыргыз алып барган телепрограммасы көбүнчө КЭРдин СУАРды башкарууда жасаган ийгиликтери тууралуу баяндап берет. Ар бир телеберүүдө мамлекеттин этникалык уйгурлардын өздөрүн маданий жактан чагылдыруу деңгээлин көтөрүү, алардын экономикалык жашоосун жогорулатуу, коомдук инфратузумдөрдү өнүктүрүү менен кытай элине интеграциялоосу (аралашуусу) боюнча жасаган аракеттери тууралуу айтылат.

[15] Алия Молдалиева, «Кытай дүйнөгө “Лагерлерди” көрсөтүп жатат» [Китай показывает миру “Лагеря”], Слово Кыргызстана, Август 2019, https://archive.slovo.kg/?p=109065

Алия Молдалиева, «Кытай дүйнөгө “Лагерлерди” көрсөтүп жатат»[Китай показывает миру “Лагеря”], Слово Кыргызстана, Август 2019, https://archive.slovo.kg/?p=108988

Слово Кыргызстана, «Сүйкүмдүү батыш жерлери» [Очаровательные западные земли], Август 2019, https://archive.slovo.kg/?p=108817

Алия Молдалиева, «Шинжаң-дүйнөнүн экинчи экономикасынын порталы» [ШИНЖАҢ — ПОРТАЛ ВТОРОЙ ЭКОНОМИКИ МИРА], Слово Кыргызстана, Август 2019, https://archive.slovo.kg/?p=108626

Алия Молдалиева, «Шинжаңдын улуттук маданияттарынын кооздугу» [Очарование национальных культур Синьцзяна], Слово Кыргызстана, Июль 2019, https://archive.slovo.kg/?p=108563

Алия Молдалиева, «Шинжаңдагы Ислам: Партияга ыраазычылык» [Ислам в Шинжаңе. «Спасибо партии за это!»], Слово Кыргызстана,Июль 2019, https :// архив . slovo . кг /? p =108462

Слово Кыргызстана, «Шинжаң уйгур борборлору тууралуу чындык - этникалык кыргыздар табылган жок» [Правда о Шинжаң-Уйгурских центрах: Этнических кыргызов там не обнаружили], Апрель 2019, https :// архив . slovo . кг /? p =105124

Вечерний Бишкек, «Кытай Улуу Британияга каршы санкцияларды киргизет» [Китай введет ответные санкции против Великобритании], Март 2021, https :// www . vb . kg / doc /398849_ китай _ введет _ ответные _ санкции _ против _ великобритании . html

Нина Ничипирова, «Вечерний Бишкек, Февраль 2021, https://www.vb.kg/doc/397726_francyzskiy_pisatel_o_nastoiashem_sincziane.html

Азиз Осмонов, «Кытайдын Тышкы иштер министрлигинин өкүлү: Помпеонун билдирүүсү - дагы бир куру сөз» [Представитель МИД Китая: Заявление Помпео-еще одна несусветная чушь], Вечерниц Бишкек, январь 2021, https :// www . vb . kg / doc /396408_ представитель _ mid _ kitaia :_ заиавление _ помпео _ эше _ одна _ несысветнаиа _ чыш . html

Айжан Мамбеталиева, «Шинжаң өз көзү менен – тастыкталбаган ырайымсыздыктын учурлары» [Шинжаң собственными глазами: Факты о «зверствах» не подтвердились], Вечерний Бишкек, Октябоь 2019, https://www.vb.kg/doc/382394_sinczian_sobstvennymi_glazami:_fakty_o_zverstvah_ne_podtverdilis.html



2-Сүрөт. (Солдон оңго) Этникалык кыргыз алып баруучусу “Жунгого сапар” программасы тууралуу кыскача айтып берип жаткан кези (6-апрел, 2022); СУАРда этникалык кыргыз медициналык көзөмөлдөн өтүп жаткан учуру (“Жуңгого Сапар”, 8-апрел, Бишкек); СУАРдагы кытайлык менеджер жергиликтүү этникалык топтордун өкүлдөрүн токой чарбасынын иштерине окутуп жаткан чагы (“Жунгого сапар”, 20-апрел, 2022)

“Жунгого сапар” менен “Кытай терезеси” теле/радиоберүүлөрүндө да Кытайды ал аймактагы цивилизациялоо күч катары көрүнүшүн жаратуу үчүн тарых колдонулган. 2022-жылдын апрел айында бул телеберүүлөрдө белгилүү эки кытайлык дипломаттардын – Чжан Цян (б.д.ч. 100-жыл) менен Бан Чао (биздин доордогу 32-102-жылдары) тарыхтары талкууланган. Алар кытай императорлору тарабынан кытайлык чарбачылар жана Борбордук Азия менен Батыш Кытайдагы көчмөн уруулардын ортосунда жаралган жаңжалдарды чечүү максатында өздөрүнүн кызматтарына дайындалган. Бул телеберүүлөр өлкөнүн чыгыш тарабынан чыккан кытайлык ишмерлер учурдагы Шинжаңдагы калыптанып калган абалга тарыхта кандайча оң таасирин тийгизгендигин көрсөтүүгө багытталмакчы. “Кытай терезеси” радиоберүүсүнүн чыгарылыштарынын биринде “Бан Чао ар кандай жаңжалдарды чечип, хандарды башкарып 36 аскерди батыш өрөөндөрү аркылуу алып өткөн” деген окуя белгиленген.[16]

Бул телеберүүлөрдө ошондой эле тарыхый эстеликтер менен археологиялык табылгалар талкууланган. Чыгарылыштарда көрсөтүлгөн археологдор аймактын айланасынан табылган урандылардын жана артефакттардын борборуна буддизм менен ал кезде кытайлыктардын бар болушун койгондорун белгилеп кетүү керек. Мисалы, Юли уездиндеги Кыяк-Кудук маяк мунарасын жана казылып алынган кытай тамгалары жазылган ар кандай артефакттар табылгандан кийин, башкы археолог журналисттерге төмөнкүдөй билдирүү жасады: “Бул табылгалар Тан династиянын убагында Батыштагы өрөөнгө Кытай ээлик кылгандыгын далилдейт. Муну менен бирге миңдеген жылдар мурун кытай чек арачылар Жибек-Жолун коргогондугун дагы көрсөтүп турат”. [17] Биздин доордогу IX-кылымга таандык болгон дубалдагы жазууларды сүрөттөп берген репортажда, шоунун алып баруучусу мындай түшүндүрмө берген: “Бул жерде ошол кездеги кытайлыктардын жашоосу чагылдырылган”. [18]

Программаларда азыркы Шинжаңга байланыштуу болгон маселелери дагы талкууланган. Тагыраак айтканда, болжол менен жергиликтүү калкка багытталган кесиптик билим берүү менен пайызы жок насыялардын түрүндө мамлекеттик жардамдын ийгиликтүү программалары тууралуу кеп болгон. Ишсиз аялдар менен айыл аймагынын тургундары ар түрдүү кыска мөөнөттүк кесиптик билим берүү мектептерге жазылып, тигүү жана багбанчылык боюнча жөндөмдөргө үйрөнүп, окууну бүтүргөн соң фабрика менен күнөсканаларда жумуш тапкандары телеберүүлөрдө көрсөтүлгөн. Программаларда жогорудагыдай бир нече уюштурулган окутуу программалар тууралуу баяндалып берилген, мисал катары Жеркендеги кесиптик окуу жайы алынган. Ал жерге жыл сайын айыл жергесинен 10 миңге чукул жаштар тапшырып, жыгач устачылык сыяктуу жөндөмдөргө окутулат. Чыгарылган репортаждарга таянсак, дээрлик 95% бүтүрүүчүлөр окутуу прогаммаларын бүтүргөн соң туруктуу жумушту табып кетишкен.[19] Бурул-Токойдо учурда 114 ашуун үй-бүлө эмгектенген заманбап айыл-чарба техникумун курулушуна КЭРдин өкмөтү 192 миллион АКШ доллар сарпталган.[20]

16 28-апрел, Кытай Терезеси радио, Бишкек.

17 4-апрел, Кытай Терезеси радио, Бишкек.

18 27 апрел,Жунгого Сапар , Бишкек.

19 10-апрел, Кытай Терезеси, Бишкек.

20 14-апрел, Кытай Терезеси, Бишкек

Бул телеберүүлөрдө мамлекеттик программалар жагымдуу тараптан үзгүлтүксүз чагылдырылып жатышат. Радиодогу “Кытай терезеси” программасында 2022-жылдын 4-апрелинде Чыпан, Көк-Жар жана Ушар-Баш аттуу айылдардан 364 үй-бүлө жаңы эле салынып бүткөн Ак-Таш шаарына көчүрүлгөнү тууралуу баяндалып берилген. Берилген отчетторго таянуу менен бул шаарды куруу үчүн болжол менен 200 миллион АКШ доллары жумшалган экен. Ак-Таш шаарчасынын кытайлык менеджери, Танг Жонг “миграция – бул биринчи гана кадам, биз аларды жумуш менен камсыз кылууга убада беребиз” деген түшүндүрмө берди. Кын Ныгар айылынын тургуну, Ак-Ташка көчүрүлүп келгенден кийин мамлекет тарабынан каржыланган тигип, бычуу курстарына жазылып, үй кожойке “жумушун” таштап, шаардагы өзүнүн жаңы жашоосу тууралуу айтып берди: “Мен иштеп жаткан тигүү фабрикасы менин үйүмө жана бала-бакчага жакын жайгашкан. Баланы бакчага таштап коюп, мен дароо эле жумушка барам.” [21] Радиодон берилген башка бир чыгарылышта Жимсар аймагында жашаган көчмөндөрдүн үй-бүлөлөрү жаңы эле курулуп бүткөн Сантай шаарчасына көчүрүлүп, айыл-чарба тармагында ишке орношулгандыгы айтылып берилет.[22]




3-Сүрөт (Солдон оңго). Жаңы курулган Чареке шаарындагы жаңы салынып бүткөн объекттер тууралуу кытайлык менеджери менен маектешти.(18-апрел, 2022-жыл, “Жунгого сапар”); Чарекеледеги тигүү фабрикаларда аялдардын иштеп жаткан кези. Сүрөттүн оң жактагы жогорку бурчтагы кытай тилиндеги жазуусу: “Партияны сүйгүлө, мекенди сүйгүлө, эрежелерди сактап мыйзамга баш ийгиле” дегенди билдирип турат (18-апрел, 2022-жыл, “Жунгого сапар”); Жаңы эле курулган шаарга тоолордон көчүп келген кыргыз үй-бүлөсүнүн мүчөсү (18-апрел, 2022-жыл, “Жунгого сапар”).




4-Сүрөт. (Солдон оңго) Кытайлык туристтерге этникалык искусствонун буюмдарын жана кийимдерди саткан Шинжаңдагы дүкөндүн ээси (11-апрел, 2022-жыл, “Жунгого сапар”); Шинжаңдын жергиликтүү тургуну өзүнүн айылындагы дубалдардын биринде майрамдын белгиси болгон арыстанды тартып жаткан учуру. Бул сүрөт “Арыстандын бийи” деп аталып, ийгилик менен жолдуу болуу үчүн сыйынуучу кытайлардын салттуу үрп-адаттарынын бири болуп саналат (14-апрел, 2022-жыл, “Жунгого сапар”).

Бул программаларда СУАРдагы этникалык кытайлык мигранттардын болжол менен ийигиликтүү интеграция менен үзүрлүү жашоолоруна басым жасалып жатат. Шинжаңда жашап жаткан

[21] 4-апрел, “Кытай терезеси” радио, Бишкек

[22] 6-апрел 2022, Кытай Терезеси радио, Бишкек

этникалык кытайлыктар учурлардын көбүндө Шинжаңдын иш айлампаларын өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, жергиликтүү калктын жардамчылары катары көрсөтүлгөн. Бул программаларда Шинжаңдын маданиятына этникалык кытайлыктардын тийгизген жагымдуу таасирин сүрөттөгөн баяндамасы колдонулган. Мисалы, алар кагазды кесип буюм жасоо жана камырдан куурчак жасоо искусствосу менен алектенген.

Бул ЖМКлардын сунуштаган материалдарында Шинжаңды туристтик багыт катары өнүктүрүү максатында кытай өкмөтүнүн салган инвестициялары тууралуу аңгеме болгон. Тагыраак айтканда, этникалык китайлыктар тарабынан Шинжаңга саякаттоолорду колдоону көздөө менен чабандардын кадымки эле үйлөрүн конок үйлөрүнө айландырууга багытталган субсидиялар тууралуу сөз болгон. Башка мисал катары – Чоң-Куштай айылынын туристтик жай-туракка айландыруу ишине 18 миллион АКШ доллардын сарпталгандыгын келтирүүгө болот.[23] “Кытай терезеси” аттуу программасы 137 айыл аймактарынын жогорудагы белгиленген туристтерди кабылдоо үчүн туристтик жайларга айландырылгандыгын маалымдаган.[24]

## 3-Баяндама: Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү тынчсызданууларга жооп кайтаруу

Бул изилдөөнүн жүрүшүндө талдоого алынган ЖМКлардын материалдары КЭРди Кыргызстандагы жергиликтүү калктын маселелерин чечүүгө активдүү катышып жаткандыгын көрсөтүүгө далалат жасагандары дагы аныкталды. Кыргыз Республикасы менен өзүнүн жергесиндеги элинин көз-карашында Кытай өзүнүн имиджи менен ыктымалдуу болчу маселелерин түшүнүп тургандыгын көрсөтүп турган баяндамаларды изилдөөгө катышкан ЖМКлардын бардык түрлөрү колдонгондору билинди. Шинжаңга байланыштуу көйгөйлөрдөн сырткары, бул материалдардагы Кытай тууралуу коркунучтар көбүн эсен “стереотиптер” же болбосо “чет өлкөлүк таасир” менен АКШ жана Кытайдын ортосундагы атаандаштыктын жыйынтыгы менен байланыштырылмакчы.

Кыргыз Республикасында кеңири таралып, жана кытайлык ЖМКларда эң көп кезиккен “стереотиптердин” бири болуп керектөөчүлөрдүн ден-соолугуна келтирилчү зыянды эске албастан, КЭР сапаты төмөн болгон буюмдарды/заттарды чыгарып, экспорттойт деген пикир болмокчу. Чындыгында болсо, айрым бир ишкерлер кыргыз рыногуна көбүрөөк сатууну көздөп, бул максатта эмненин пайдасы көбүрөөк болсо ошого тандоону жасаганына карабастан, Кытайдын аймагында КЭРге багытталып, продукциянын сапатын көзөмөлдөгөн мыйзамы иш-жүзүндө иштегендиги анык.[25] Кыргызстандагы элдин колунда бар кирешенин деңгээли төмөн болгонуна байланыштуу,өздөрүнө сапаты жогоруураак болгон буюм/заттарды алууга мүмкүнчүлүктөрү чектелип, бул кубулуш көптөгөн жылдардан бери рынокто сапаты төмөн болгон товарлардын басымдуулук кылганына алып келген. *Silk Road Observer* журналында жарыяланган макалада, бул көйгөй бир нече жолу түз эле козголгон: “Кыргызстандыктардын көбү Кытай тууралуу жакшы ойдо эмес, анткени кыргыз соодагерлери өлкөгө Кытайдан арзан жана сапаты начар болгон товарларды ташып алып келишкен”.[26] Мындай түзүлүп калган кырдаалда күнөөнү бир гана Кытайга коюу адилетсиздик болмок, себеби *New Silk Road Observer* гезити боюнча “Кытай баардык (бардык түрүн) продукцияны чыгарат жана сапаты баага жараша болот”.[27] Башка макалада болсо “Бүгүнкү күндө Кыргызстандын экономикасы анчалык өнүкпөгөндүктөн, негизинен ошол эле функцияларды аткара турган кымбатыраак продукцияны сатып алууга чамасы жетпейт. Ал эми Кытайда өндүрүлгөн продукциялар баада атаандаштыкка туруштук бере алат”[28] деген көз-караш белгиленген. Дагы бир башка макалада мындай стереотип кыргыз соодаргерлердин моюнуна коюлган: “Кыргыз

[23] 11-апрел, “Кытай Терезеси” радио, Бишкек

[24] 20-апрел, “Кытай Терезеси” радио, Бишкек

[25] «Продукциянын сапаты боюнча Кытай Эл Республикасынын Мыйзамы» [Law of the People›s Republic of China on Product Quality],http://www.npc.gov.cn/zgrdw/englishnpc/Law/2007-12/12/content_1383813.htm

[26] Чолпон Урмалиева, «Мен кайра эле Кытайды тандайм» [Выберу снова Китай], Новое развитие шелкового пути, Июн 2018, http://ru.siluxgc.com/html/R1682/201806/92216273346.shtml

[27] Жамиля Аскарбек кызы, «Мээрим Кеңешова: Кытай товарларын бүт дүйнө сатып алат» [Мээрим Кенешева: Весь мир покупает товары в Китае], Новое развитие шелкового пути, Март 2018, http://ru.siluxgc.com/html/R1413/201803/372102888160909.shtml

[28] Чолпон Урмалиева, «Дүйнөдөгү биринчи компаниянын автобустары» [Автобусы от первой компании в мире], Новое развитие шелкового

ишкерлери сапатсыз продукцияны сатып алышат, ошондон улам элдин аң-сезиминде кытайдын сапаты тууралуу стереотип калыптанып калган”.[29]

Кыргызстандын аймагында иштеген кытайлык ЖМКлар жогоруда айтылып кеткен көйгөйлөрдүн бар болушун мындайча айтканда “чет элдик таасирдин” жыйынтыгына байланыштырууга жакын болушкан. Өлкө боюнча Кытайга каршы жүргүзүлгөн протесттердин себепкери катары өзгөчө көңүл АКШга бурулмакчы. *New Silk Road Observer* гезитинде жарыяланган макалалардын бирине таянсак, “Кытайга каршы багытталган албуттануулар Батыш тарабынан (АКШ дагы ичинде) каржыланган саясий-маргиналдык топтор уюштурган” деген ой берилген.[30] “Вечерний Бишкек” гезитиндеги макалада болсо төмөнкүчө пикир келтирилген: “Кытайга каршы маанайлары жасалма мүнөзгө ээ жана АКШ тарабынан түзүлгөн. Бул геосаясат жана дүйнөлүк державалардын өз таасири үчүн жүргүзүшкөн күрөшү, бирок көптөгөн карапайым кыргызстандыктар муну түшүнбөй, алардын ой-пикири Батыш тарабынан башкарылып жатат”.[31] Кийинки уландысы мындайча болду: “Кытайга каршы протесттердин толкундарына америкалыктар жоопту болушу ыктымал, айрыкча АКШ менен Кытайдын ортосундагы учурдагы соода согушун эске алганда.”[32] Кыргызстанда иштеген кытайлык ЖМКлар башка “чет элдик таасирин” себеп катары колдонбосо да, Кытайдын кызыкчылыктарына колдоо көрсөтүү үчүн башка стратегияларын жумшоодо. Кээ бир учурларда Кыргыз Республикасында Кытайдын жүргүзгөн мамалекеттик саясатын жалаа деп эсептеп, ага карата болго сын-пикирлерди түздөн-түз четке кагышкан.” “Слово Кыргызстана” гезитиндеги макалага кайрылсак, Кытай тарабынан бөлүнгөн насыялар жана гранттардын тегерегинде кыргыз коомчулугунда көптөгөн ызы чуу туулган. Кытайга каршы акциялары жүргүзүлүп, Кытайдын имиджи жалган-жалааларга кабылып, болжол менен Кытай экспансиясы менен карыз түйшүгү орун алгандыгы көрсөтүлгөн. Бул пикирлердин баардыгы чындыкка туура келбей, эч кандай негизге ээ боло алган эмес.”[33] Бул иш аткарылып жаткан кезде Кытай өкмөтүнүн саясатына карата сын-пикирлери патриоттук сезимге каршы келип, Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына дагы карама-каршы болгондуктары аныкталган. “Слово Кыргызстана” гезитинин макаласы боюнча “имиш-имиштер кытайлык компанияларга жана биргелешкен долбоорлорго өз алдынча таасирин тийгизип, Кытайга каршы бир катар нааразылык акцияларына алып келген. Бул провокациялар Кытайга каршы гана эмес, чындыгында Кыргызстанга да каршы»[34]

Изилдөөнүн жүрүшүндө COVID-19 пандемиясы менен жүргүзгөн күрөштө КЭРдин жеткен ийгиликтерин пропагандалоого үгүттөгөн баяндамалар дагы табылган. 2020-2022-жылдардын аралыгында жарыяланган 442 макаланын ичинен *Silk Road Observer* гезити 195 (жалпы көлөмүнөн 44%) макаласында КЭРдин пандемия менен күрөшүүдө жана натыйжалуу вакциналарды иштеп чыгарууда болгон ийгиликтерин баяндап, пандемияга байланыштуу мурунку жана учурдагы кыргыз элитасынын колдоо сөздөрүн кайталап, КЭРдин Кыргыз Республикасына жана жалпы дүйнөгө көрсөткөн гуманитардык жардамы тууралуу сөз болгон. Макалалардын кээ бирлеринде КЭРге жана COVID-19 пандемиясына байланыштуу болгон баяндамалары түз эле четке кагылып, булардын катарын АКШнын мурунку президенти, Доналд Трамптын Твиттер соцтармагында жарыялаган COVID-19 пандемиясын “кытайлык вирус” деп атаган посту дагы толуктамакчы.[35] *American Journal of Public Health* журналында жарыяланган изилдөөгө кайрылсак, Трамптын коомчулукуту дүрбөлөңгө салган айтымдары Твиттер соцтармагында азиялыктарга каршы багытталган контенттин таралышына жол ачып, болжолдуу түрдө

пути, Июн 2019, http://ru.siluxgc.com/html/R1413/201906/78916253452110352127.shtml

29 Чолпон Урмалиева, «Келечек Асман алдындагы империясында » [Будущее мира за Поднебесной], Silk Road New Observer, Июн 2019, http://ru.siluxgc.com/html/R1413/201906/56950544488963263.shtml

30 Назгул Асаналиева, “Кыргызстан Кытайдын колониясына айланып калуу коркунучу барбы?” [Грозит ли Кыргызстану Китайская колонизация?], Слово Кыргызстана, Январ 2019, https://archive.slovo.kg/?p=102163

31 Виктория Гунгер, “Кыргызстандагы Кытайга каршы маанай. Батыш сценарийи боюнча жаңжал.” [Антикитайские настроения в Кыргызстане. Конфликт по западному сценарию], Вечерний Бишкек, Июль 2019, https :// www . vb . kg / doc /380011_ антикитайские _ настроения _ в _ кыргызстан . _ конфликт _ по _ западномы _ сценарий . html

32 Виктория Григоренко, «Бишкекте Кытайга каршы митинг. Эксперт “америкалык изди” жокко чыгарбайт» [Антикитайский митинг в Бишкеке. Эксперт не исключает «американского следа»], Вечерний Бишкек, Январ 2019, https :// www . vb . kg / doc /376096_ антикитайский _ митинг _ в _ бишкеке . _ эксперт _ не _ исключает _ американского _ следа . html

33 Слово Кыргызстана, «Кытайдын элчиси Сяо Цинхуа: «Салттуу достукту аяр сактоо менен бирге биз сонун келечекке жол курабыз» [Посол КНР Сяо Цинхуа: «Бережно сохраняя традиционную дружбу, вместе откроем прекрасное будущее], Февраль 2019, https :// архив . slovo . кг /? p =102564

34 Алия Молдалиева, “Кытай чыр-чатактын баары сырттан келүүдө деп эсептейт” [Раздор сеют извне, считает Китай], Слово Кыргызстана, Декабрь 2019,https://archive.slovo.kg/?p=112134

35 “Трамптын “кытайлык вирусу” тууралуу твиттердеги посту Твиттер тармагында азиялыктарга каршы расистик контенттин өсүшүнө алып келди: Изилдөө” https://abcnews.go.com/Health/trumps-chinese-virus-tweet-helped-lead-rise-racist/story?id=76530148

расисттик көз-караштардын бекемделишине мүмкүнчүлүк түзүлгөн.[36] Кыргызстандагы жергиликтүү ЖМКлар КЭРдин пайдасын көздөп, COVID-19 вирусун Кытайга байланыштырган ушактарды активдүү түрдө четке каккан кытайлык мамлекеттик ЖМКлардын макалаларын жайылтышкан. Мисалы, «*People's Daily*" менен "Шинхуа" гезиттери 2020-жылдын 14 февралында "Вечерний Бишкек" гезитине "Кайсыл вирус кооптуураак – таажы вирусубу же алдын ала жаман ойдо болуубу?". COVID-19 вирусунун келип чыгышы тууралу болгон ар бир талкууга же ушакка кытай элине багытталган расизм жана алдын ала жаман ойлоочулук деген баа берилген.[37]

36 "Трамп Твиттерде "кытайлык вирусу" тууралуу биринчи жолу жазганданы кийин расисттик жана азиялыктарга каршы хэштэгдердин саны арта баштады" деген жыйынтыкты изилдөө көрсөттү, https://www.washingtonpost.com/nation/2021/03/19/trump-tweets-chinese-virus-racist/

37 Нина Ничипирова, "Кайсыл вирус кооптуураак – таажы вирусубу же алдын ала жаман ойдо болуубу?" [Какой вирус опаснее: Коронавирус или предрассудки?], Вечерний Бишкек, Феврал 2020, https://www.vb.kg/doc/385432_kakoy_virys_opasnee:_coronavirys_ili_predrassydki.html

# КОРУТУНДУ

Кытай Эл Республикасынын “жумшак күч” куралынын ЖМКлар аркылуу иш-жүзүнө ашыргандыгын изилдөөгө багытталган бир катар изилдөөлөрдүн экинчи отчету катары, бул изилдөө өз алдына ЖМКлардын ар кайсы түрлөрүндө Кытайга байланыштуу кайсыл түрдөгү баяндамалар илгерилетилип жаткандыгын аныктоо тапшырмасын коймокчу.

Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык КЭРдин “жумшак күч” куралынын демилгелерин иш-жүзүнө ашыруусуна катышкан кытайлык ЖМКлар учурлардын көбүндө Кытайды оң түстө сүрөттөгөн баяндамаларын колдонгондору аныкталды. Баяндамалардын көбү тикелей эле КЭРдин Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө кошкон экономикалык салымы тууралуу сөз кылмакчы. Изилдөөгө алынган материалдардын мазмунунун үстүндө жүргүзүлгөн маанайды аныктоо талдоосунун чагылдырылышы келечектеги изилдөөлөргө кошумча аналитикалык мейкиндикти камсыздамакчы, өзгөчө белгилегенде КЭРдин Кыргыз Республикасына кошкон экономикалык салымын так аныктоо менен ал салымдын Кытай-Кыргызстан ортосундагы эки тараптуу мамилелерге тийгизген таасири боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бермекчи. Мындай тыянактар бул иштин алкагынан чыкканына карабастан, алар Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилелерине арналган илимий иштерде колдонууга жарашы мүмкүн, айрыкча тышкы жардам, инвестициялар жана экономикалык кызматташуу темалары талкууланганда.

Изилдөөнүн талдоосуна алынып, Шинжаңда өндүрүлгөн 2 телеберүүлөрү – “Жунгого сапар” менен “Кытай терезеси” төмөнкүдөй көрүнүштөрдү чагылдырышты: биринчиси – жергиликтүү калкка багытталган жардам боюнча мамлекттик программалардын шектүү ийгиликтери; экинчиси – кытай эли менен улуттук азчылыктардын ийгиликтүү интеграциялоосуна, коомчулуктун инфратүзүмдөрү менен экономикалык камсыздоолоруна жана маданий жактан өздөрүн чагылдырып берүү мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген этникалык гармониянын кубулушу. Бул экинчи көрүнүш дагы Шинжаң маселесине арналган глобалдык изилдөөлөргө келечекте жол ачып бермекчи, тагыраак айтканда КЭРдин СУАРдагы көрсөткөн мамилеси жана Кытайдын Кыргызстан сымал коңшу өлкөлөргө көрсөткөн мамилеси тууралуу алынган маалыматтар дагы келечектеги иштерге негиз бермекчи. Бул эки тыянак Кытайдын өз тууралуу оң түстө чагылдырган маалыматын илгерилетүүсүнүн башкы ыкмасынын чагылдырып турса дагы, бул изилдөөдө КЭР жергиликтүү көйгөйлөргө жооп кайтаруу ыкмасын активдүү колдонгону дагы көрсөтүлдү.

Бул изилдөөнүн жыйынтыктары КЭРдин “жумшак күч” куралы тууралуу болгон баяндамалардын тийгизген таасири кандай болушу мүмкүндүгүн изилдөөгө багытталган дагы кошумча изилдөө иштерин жүргүзүү керектигин баса белгилешет. Анын жыйынтыктарынын бири болуп кыргыз элинин Кытай инвестицияларына карата жагымдуу мамиленин калыптанышы болушу ыктымал. Ошол эле учурда, Кытайдын “жумшак күч” куралы КЭРдин катышуусундагы жаңы долбоорлорго болгон каршылыкты төмөндөтө алабы деген суроо жаралууда.

Бул изилдөөнүн жыйынтыктары КЭР өзүнүн “жумшак күч” куралы аркылуу Кыргызстанга таасир тийгизүүгө чоң далалат жасагандыгын ачыкка чыгарды. Ошондой эле, бул иш окумуштууларга Кытайдын Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү ЖМКларына тийгизген таасирин салыштырууну, аны менен кошо сыртка экспорттолгон баяндамалардын жергиликтүү деңгээлде тийгизген таасирин иликтөөнү көздөгөн изилдөөлөрдү демилгелеп чыгууга шарт түзүп берүүгө багытталган. Бул иште Кытайдын “жумшак күч” куралынын тийгизген таасири боюнча жүргүзүлгөн глобалдык кептин алкагында Кыргыз Республикасы мисал катары келтирилип, атаандаштыкты жарата алган аймактык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр берилмекчи. Бул отчетто башка өлкөлөрдө дагы колдонулуучу методологиялык негиз сунушталып, бирок, келечекте изилдөө иштерин жакшыртылышына көмөкчү боло турчу бир катар чектөөлөр дагы кабыл алынган. Бул иш чет элдик аткаруучулардын тарабынан өздөрүнүн чет өлкөлөрдөгү таасирин күчөтүү үчүн, өздөрүнүн оң имиджин калыптандырып, “жумшак күч” куралын илгерилетүү максатында кандай баяндамалар колдонулушу мүмкүн болгондугуна нур чачып, ачыкка чыгарды деген үмүттөбүз.